**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ
МИНИСТРЛИГИ
АДИСТЕШТИРИЛГЕН БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИ
АГЕНТТИГИНЕ КАРАШТУУ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДИК ЖАНА
ЭЛ АРАЛЫК БААЛОО БОЮНЧА ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК
БОРБОРУ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРЕДМЕТИНЕН КЕСИПТИК СЕРТИФИКАТТОО БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРДЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

**Ташкент – 2026**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРЕДМЕТИНЕН КЕСИПТИК СЕРТИФИКАТТОО БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРДЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ**

Бул спецификация Өзбекстан Республикасынын Министрлер Мекемесинин мамлекетте мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү уюмдарынын педагог кадрларын кесиптик сертификаттоо боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентине ылайык иштелип чыккан. Документ кыргыз тили жана адабияты предметинин мугалимдеринин кесиптик билимдерин, көндүмдөрүн жана компетенттүүлүктөрүн баалоо үчүн колдонулуучу тесттик сыноолордун мазмунун, түзүлүшүн жана баалоо критерийлерин аныктайт.

Спецификация тест тапшырмаларынын мазмунун, түзүлүшүн, баалоо критерийлерин, тесттердин формаларын, когнитивдик даражасын жана баалоо процессинин критерийлерин белгилейт.

Бул документ тест тапшырмаларын иштеп чыгууда методикалык негиз болуп кызмат кылат жана баалоо процессинин ачыктыгын, адилеттүүлүгүн жана илимий негиздүүлүгүн камсыздоого багытталган.

## I. **Жалпы принциптер**

Баалоонун негизги максаты – кыргыз тили жана адабияты предметинин мугалимдеринин предмет боюнча теориялык билимдерин, практикалык көндүмдөрүн, кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча компетенттүүлүгүн, кыргыз тили жана адабиятын окутуу методикасы боюнча билим деңгээлин, педагогикалык чеберчилигин жана кесиптик компетенцияларын комплекстүү баалоону камтыйт. Баалоонун жыйынтыктары педагог кадрларды кесиптик сертификаттоо процессинде чечим кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

## II. **Нормативдик негиздер**

1. Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-февралындагы “Мамлекетте мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү уюмдарынын педагог кадрларын кесиптик сертификаттоо боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентин бекитүү жөнүндө” №87 токтом.
2. Өзбекстан Республикасынын Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү министрлигинин 2026-жыл 3-июлдагы «Мамлекеттик мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү мекемелеринин педагогикалык кадрларын кесиптик сертификаттоо боюнча көзөмөлдөө сынагын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө» гү 233-сан буйругу.

## III. **Баалоонун камтуусу**

Кыргыз тили жана адабият предметинин мугалимдери үчүн адистик предметтен 40 тест, педагогикалык чеберчиликтен 10 тест — жалпысы 50 тест тапшырмасы берилет. Жалпы тестти аткарууга 120 мүнөт убакыт бөлүнөт. Мында жабык тест тапшырмалары колдонулат: бир туура жоопту талап кылган (Ж1), шайкеш келтирүүнү талап кылган (Ж2), ырааттуулукту аныктоону талап кылган (Ж3). Адистик предметтер боюнча түзүлгөн тест тапшырмаларынын мазмундук жана бааланууучу билим-көндүмдөрү боюнча бөлүштүрүлүшү төмөнкү таблицада көрсөтүлөт.

## IV. **Тесттин түзүлүшү**

Тест сыноосу кыргыз тили жана адабияты предметинин негизги мазмундук багыттарын камтыйт. Атап айтканда, тест тапшырмалары кыргыз тилинин грамматикасы, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, поэзия, проза, драматургия, адабият теориясы, публицистика, өзбек жана дүйнөлүк адабияты кыргыз тилин окутуу методикасы жана педагогикалык чеберчилик боюнча билимдерди жана көндүмдөрдү баалоого багытталган.

Тест тапшырмаларынын мазмуну жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына, колдонуудагы окуу программаларына жана предмет боюнча методикалык талаптарга ылайык түзүлөт.

**Адистик предметтер боюнча түзүлгөн тест тапшырмаларынын мазмундук багыты жана бааланууучу билим-көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү**

*1-жадыбал*

| Мазмун багыты | Билим жана көндүмдөр | Тесттер дин саны |
|---|---|---|
| **1. КЫРГЫЗ ТИЛИ** | | |
| **1.1. Тилди практикалык колдонуу** | | |
| **Орфоэпия жана орфография** | - тамгалардын, уңгу жана мүчөлөрдүн айтылышын жана жазылышын билүү жана колдоно алуу;<br>- сөздөрдү бирге жана бөлөк жазуу эрежелери, сөздөрдүн арасына дефис коюп жазуу эрежелери;<br>- баш тамгалардын жазылыш эрежелерин билүү жана колдоно алуу;<br>- фонетикалык өзгөрүүлөрдү (сингармонизм кубулуштары ) ажырата билүү. | 6 |
| **Пунктуация** | - жазма кепте тыныш белгилерин (суроо, илеп, кош чекит; үтүр, сызык, үтүрлүү чекит, кашаа, тырмакча) туура колдоно билүү; | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| **Стилистика** | - контексттеги мүчөлөрдүн маанисин жана кызматын түшүнүү, айырмалоо жана туура колдонуу;<br>- сөздөрдүн контексттеги маанисин жана милдетин түшүнүү, айырмалоо жана туура колдонуу;<br>- сөз айкаштарынын контексттеги маанисин жана милдетин түшүнүү, айырмалоо жана туура колдонуу;<br>- берилген кырдаалга ылайыктуу кеп үлгүлөрүн тандоо. | 4 |
| **1.2. Тил теориясы жана лингвистикалык талдоо** | | |
| **Лингвистик лык талдоо** | - текстти азыркы кыргыз адабий тилинин фонетикалык нормаларынын негизинде талдоо;<br>- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин лексикалык нормаларынын негизинде талдоо;<br>- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин морфемикалык нормаларынын негизинде талдоо;<br>- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин морфологиялык нормаларынын негизинде талдоо;<br>- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин синтаксистик нормаларынын негизинде талдоо. | 10 |
| **2. АДАБИЯТ** | | |
| **Улуттук адабият** | - жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо<br>- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз поэзиясынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо<br>- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз прозасынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо<br>- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз драматургиясынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо | 8 |
| **Өзбек жана дүйнөлүк адабият** | - жалпы орто билим берүү программасына киргизилген дүйнөлүк адабияттын тарыхында маанилүү роль ойногон эпикалык жана драмалык чыгармаларды түшүнүү, талдоо жана баалоо<br>- өзбек жана дүйнөлүк адабияттын тарыхында маанилүү роль ойногон лирикалык чыгармаларды түшүнүү, талдоо жана баалоо; | 4 |
| **2.3. Адабият теориясы жана көркөм текстти талдоо** | | |
| **Классикалык лирикалык чыгармаларды талдоо** | - чыгарманын жанрын, метрин, рифмасын аныктоо;<br>- поэзиядагы образдарды жана символдорду түшүнүү;<br>- көркөм искусство чыгармаларын талдоо. | 4 |
| | | 40 |

## Педагогикалык ишмердүүлүк боюнча түзүлгөн тест тапшырмаларынын мазмундук тармагы жана бааланууучу билим менен көндүмдөрү боюнча бөлүштүрүлүшү

*2-жадыбал*

| | |
|---|---|
| **1. ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК** | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| **1.1.Жалпы педагогика** | – педагогика, дидактика, тарбия жана жаш курак психологиясынын негизги түшүнүктөрүн жана категорияларын, педагогикалык ыкмаларды жана билим берүү парадигмаларын (салттуу-консервативдик, рационалисттик (бихевиористтик), феноменологиялык (гуманисттик), технократиялык жана эзотерикалык) билүү жана берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай билүү;<br>– педагогиканын принциптерин (аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк, көргөзмөлүүлүк, системалуулук жана ырааттуулук, илимийлик, теория менен практиканын биримдиги ж.б.) билүү жана берилген кырдаалга жараша туура тандай билүү;<br>– тарбия жана анын түрлөрүн билүү, айырмалоо жана берилген кырдаалга ылайык тандап билүү;<br>– сабак жана анын түрлөрүн (жаңы билим берүүчү сабак, бекемдөө сабагы, кайталоо жана жалпылоо сабагы, көзөмөл (текшерүү) сабагы, аралаш сабак; лекция сабагы, маектешүү (сүйлөшүү) сабагы, практикалык сабак, лабораториялык сабак, өз алдынча иш сабагы; салттуу сабак, салттуу эмес сабак ж.б.) билүү;<br>сабакты пландаштыруу, уюштуруу жана классты башкаруу ыкмаларын конкреттүү кырдаалдарда колдоно билүү; билим берүү процессин долбоорлоо жана башкаруу; көйгөйлүү кырдаалда туура чечим кабыл алуу; өз ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү.;<br>– класс жетекчисинин укуктары жана милдеттерин билүү, класс документтери менен иштей билүү, аларды жүргүзүүдө туура тартипти сактоо, класс жамаатын туура түзүү, педагогикалык этика эрежелерин сактоо, ата-энелер менен натыйжалуу кызматташуу формаларын тандоо, кыйын кырдаалда оптималдуу стратегикалык ыкманы колдонуу;<br>– педагогикалык этика, сүйлөө маданияты, техника, чыгармачылык, педагогикалык адеп, компетенттүүлүк, коммуникация маданияты, тактык/нэзиктик, креативдүүлүк, рефлексия жана кесиптик өсүү негиздерин билүү жана берилген кырдаалга ылайык колдонуу;<br>– педагогикалык жөндөмдөр жана алардын түрлөрүн (дидактикалык жөндөм, академиялык жөндөм, перцептивдүү-педагогикалык жөндөм, сүйлөө маданияты, уюштуруучулук жөндөм, коммуникативдик жөндөм, авторитардык жөндөм ж.б.) билүү жана конкреттүү кырдаалдарда колдонуу;<br>– окутуу технологияларын (долбоорго негизделген окутуу, көйгөйлүү окутуу, кызматташууну талап кылган окутуу, эвристикалык окутуу, жеке багытталган окутуу, интерактивдүү окутуу, дифференциалдык окутуу, интегралдык окутуу, оюндун формасында окутуу, инклюзивдик окутуу ж.б.) билүү жана кырдаалга ылайык тандап билүү;<br>– предмет боюнча окутуу ыкмаларын, методикасын жана технологияларын билүү;<br>– предмет боюнча окутуу ыкмаларын жана методдорун айырмалоо жана берилген кырдаалга ылайык тандоо;<br>– предмет боюнча берилген окуу кырдаалына байланыштуу кабыл алынган чечимдерди баалоо; | 10 |

## Когнитивдик көндүмдөрдү бөлүштүрүү

*3-жадыбал*

| Т/н | Когнитив даража | Түшүндүрмөсү | Тест саны |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | **Билүү** | Предметке карата негизги далилдер, эрежелер, чыгармалардын темасы жана идеясы андагы каармандар жөнүндө билүү, талдай алуу. | 22 |
| **2** | **Колдонуу** | Далил түшүнүк жана жаңы процедураларды жаңы контексттерде колдой алуу . | 23 |
| **3** | **Ой жүгүртүү** | Белгисиз абалда колдоо, талкуулоо, себеп-натыйжа байланыш, түшүндүрүү, баалоо. | 5 |

## V. Баалоо ченеми

Тест тапшыруучунун жалпы натыйжасы ар бир тест тапшырмасына берилген баллдар жыйындысынын  негизинде аныкталат. Ар бир туура жооп үчүн 2 **балл**, туура эмес жоопко 0 балл берилет. Тест сыноосунун эң жогорку натыйжасы 100 баллды түзөт.

## VI. Экзамен тартиби

Тыюу салынган каражаттар: сынак учурунда уюлдук телефондорду, акылдуу сааттарды, планшеттерди же электрондук түзүлүштөрдөн колдонууга катуу тыюу салынат.

Этика жана тартип: көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, сынак учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу ж.б.у.с.  катуу тыюу салынат.

Көзөмөлдөөчү тартип бузууну аныктаган учурда аны расмийлештирип, талапкерди тестирлөөдөн четтетет жана жыйынтыгын жокко чыгарат.

## VII. Сунуштала турган негизги адабияттар

**АДАБИЯТТАР:**

**Кыргыз тили:**

1. Кыргыз тили. **5-класс (I бөлүк)** [Текст] Окуу китеби / Ш.К.Уринбаева, Г.Э.Шерматова; редактору М.И.Сулайманова– Ташкент. "Novda Edutainment", 2024. -124 б.
2. Кыргыз тили. **5-класс (II бөлүк**) Окуу китеби / Уринбаева Ш.К, Шерматова Г.Э.– Ташкент. "Novda Edutainment", 2024. -144 б.
3. Кыргыз тили [Текст]. **6-классы** үчүн окуу китеби/Ш.К.Уринбаева [жана башк]. – Ташкент. Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.
4. Кыргыз тили. [Текст].**7-классы** үчүн окуу китеби/Ш.К.Уринбаева, Г.К.Шерматова – Ташкент. Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.
5. Кыргыз тили **8-класс** [Текст]. окуу китеби/Ш.Уринбаева, Н.Пардабаева. редактору Н.Алисултонова – Ташкент. Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 224 б
6. Кыргыз тили: **9-класс** [Текст]. окуу китеби / Ш.Уринбаева, Н.Пардабаева. редактору Н.Алисултонова – Ташкент. Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 224 б
7. Кыргыз тили [Текст]: **10-класс** үчүн окуу китеби / Ш.К.Уринбаева жана башк] – Ташкент. Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.
8. Кыргыз тили [Текст]: **11-класс** үчүн окуу китеби / Ш.Уринбаева жана башк] - Т. Чулпон атындагы БПЧҮ, 2018 -112 б.

**АДАБИЯТТАР:**

9. Адабият **5-класс** үчүн окуу китеби (I бөлүк) [Текст]: М.А.Темирова, М.А.Сатибалдиев, Г.А.Темирова. редактору М.И.Сулайманова. – Ташкент. "Novda Edutainment", 2024. -100 б.

Адабият **5-класс** үчүн окуу китеби (II бөлүк) [Текст]: М.А.Темирова, М.А.Сатибалдиев, Г.А.Темирова. редактору М.И.Сулайманова. – Ташкент. "Novda Edutainment", 2024. -128 б.

10. Адабият [Текст]: **6-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова [жана башк.] – Ташкент. Республикалык билим берүү борбору 2022. -224 б.
11. Адабият [Текст]: **7-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова [жана башк.] – Ташкент. Республикалык билим берүү борбору 2022. -224 б.
12. Адабият **8-класс**. [Текст] окуу китеби/ М.А.Темирова, М.Сатибалдиев. – Ташкент. Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 240 б
13. Адабият **9-класс** [Текст] окуу китеби/ М.А.Темирова, М.Сулайманова. редактору Г.Темирова. – Ташкент. Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 240 б
14. Адабият [текст]: **10-классы** үчүн окуу китеби//М.Темирова жана башк. Ташкент. Билим берүү борбору 2024 -120 б.
15. Адабият [Текст]: **11-классы** үчүн окуу китеби//М.Темирова жана башк. Т. Чулпон атындагы БПЧҮ, 2018 -256 б.

**Pedagogika va kasb standartlari**

1. Mavlonova R.A., Umumiy pedagogika. Darslik. – Toshkent: Fan va texnologiyalar, 2018. – 528 b.

2. Xoliqov A. Pedagogik mahorat. Darslik, – Toshkent: “Bayoz” nashriyoti, 2025. – 504 b.

3. Tolipov O‘., Ro‘ziyeva D. Pedagogik texnologiyalar va pedagogik mahorat. O‘quv qo‘llanma. – Toshkent: “Innovatsiya-ziyo” nashriyoti, 2019. – 276 b.

4. Sh. Abdiraimov v.b. Ta’limda baholash va monitoring asoslari. O‘quv-uslubiy qo‘llanma. – Toshkent, TDYU nashriyoti, 2026. – 208 bet.

***Эскертүү***: *тест тапшырмаларынын мазмуну сунушталган адабияттарда чагылдырылган мазмунга, принциптерге жана ыкмаларга шайкеш келтирилет, бирок тест тапшырмалары түздөн-түз булактардан алынбайт.Сыноого даярдануу процессинде сунушталган адабияттар жаттап алуу булагы катары эмес, жалпы кесиптик даярдыкты бекемдөөгө багытталган.*